**КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН ИЛИМ, ЖОГОРКУ БИЛИМ БЕРҮҮ ЖАНА ИННОВАЦИЯЛАР МИНИСТРЛИГИ**

**С. НААМАТОВ АТЫНДАГЫ НАРЫН МАМЛЕКЕТТИК УНИВЕРСИТЕТИ**

**ПЕДАГОГИКА, ТАРЫХ ЖАНА ОКУТУУНУН ТЕХНОЛОГИЯЛАРЫ КАФЕДРАСЫ**

| **МАКУЛДАШЫЛДЫ** | **БЕКИТЕМИН** |
|---|---|
| Окуу бөлүмүнүн башчысы | Академиялык иштер боюнча проректору |
| ______________ Ж.Ж.Усубалиева | ______________ К.О.Омурова |
| "_5_"___09_____ 2025 г. | "__"___09______ 2025 г. |

# ЖУМУШЧУ ПРОГРАММА

## «ОРТО КЫЛЫМДЫН ТАРЫХЫ» ДИСЦИПЛИНАСЫ БОЮНЧА

**Даярдоонун багыты**: 550400 «Социалдык экономикалык билим берүү»

**Даярдоонун профили:** *Тарых*

**Бүтүрүүчүнүн квалификациясы (даражасы)**: *Бакалавр*

**Окутуу формасы:** *Күндүзгү, аралыктан (дистанттык)*

**Нарын -2025**

Жумушчу программаны түзгөн
т.и.к., профессордун м.а. ________________ Эсеналиева Г.О

**“Педагогика, тарых жана окутуунун технологиялары кафедрасынын»** «_3_» ___09___ 2025 жылдын №___2___ протоколу менен жактырылды.

Кафедра башчысы п.и.к, доцент_______________ Э.О. Бектурова

НББПнын жетекчиси, п.и.к., доцент _____________ Э.О. Бектурова

**Педагогика факультетинин** «_4_» ___09___ 2025 жылдын №___2___ протоколу менен жактырылды.

Декан,
т.и.к, профессордун м.а. ___________________ Г.О. Эсеналиева

# 1.АННОТАЦИЯ

«Орто кылымдын тарыхы» дисциплинасы социалдык-экономикалык билим берүү багытынын тарых профилинин окуу планынын негизги бөлүгүндө (коду: Б.3.2.1.3.) орун алган. Аны окутууга бөлүнгөн сааттардын жалпы саны – 240, аудиториялык сааттар – 120, анын ичинде дарс – 60, семинардык сабак –60 саатты түзөт. Ал эми 120 саат студенттин өз алдынча ишине ажыратылган. Баары биригип 8 кредитти түзөт. Курс 4-5-семестрде окутулат. Дисциплинанын кредиттердеги (экзамендик бирдиктердеги) өлчөмү, аудиториялык жана өз алдынча иштөөгө бөлүнгөн сааттарын көрсөтүү менен 1-жадыбалда келтирилген.

**1-жадыбал. Дисциплинанын жалпы эмгек сыйымдуулугу**

| Түрмөгү жана коду | Семестри | Эмгек сыйымдуулугу (кредити) | Бардыгы (сааттарда) | Аудиториялык иштин көлөмү (саат) | | | СӨИ | Аттестациялоо формасы |
|---|---|---|---|---|---|---|---|---|
| | | | | Дарс | Прак. сабак | Лаб. иш | | |
| Б.3.2.1.3.) | 4 | 4 | 120 | 32 | 32 | - | 60 | Зачет, |
| Б.3.2.1.3.) | 4 | 6 | 180 | 48 | 48 | - | 80 | экзамен |

**Курстун кыскача мазмуну:** Орто кылымдардын тарыхы дүйнөлүк тарыхтын составдык бир бөлүгү. Аталган курс Байыркы дүйнөнүн тарыхынын этегинен тартып 12 жүз жылдын тарыхын өз кучагына алат. ошондуктан студенттерге орто кылымдардагы элдердин жашоосун, чарбасын, маданиятынын өнүгүшүн, өткөн тарыхтагы жана азыркы мезгилдеги коомдук көрүнүштөрдү конкреттүү фактылардын жана маалыматтардын негизинде ыраатуу түшүндүрүү. О.э.Эрте орто кылым мезгили, тактап айтканда Батыш Европадагы феодалдык түзүлүштүн пайда болушун.Франк мамлекетиндеги феодализмдин өнүгүшүн.Византиядагы феодалдык мамилелердин калыптанышын.Кресттүүлөрдүн жортуулун ,Франция, Германия, Англия, Италиянын бири бири менен болгон байланышын.Орто кылымдардагы христиан дини, чиркөөсүн, Батыш Европадагы маданияттын өзгөчөлүктөрүн, Италиядагы кайра жаралуу жана гуманизмди окуп билүү керек. Феодализм мезгилинен капитализмге өтүү мезгилди.Улуу географиялык ачылыштарды Реформациялар, гуманизм, кайра жаралуу доору

## 2.ОКУУ ДИСЦИЛИНАНЫН МАКСАТТАРЫ ЖАНА МИЛДЕТТЕРИ

**Өздөштүрүү:** -Дүйнөлүк тарыхтагы негизги окуяларды жана процесстерди, алардын байланыштарын жана хронологиялык жактан улантуучулугу; ээ болуучулук;

**Тарбиялык:** - мекенчилдик, мекенибиздин, дүйнө элинин тарыхын, адам укуктарын жана эркиндигин коомдук турмуштун демократиялык принциптерин сыйлоо;

**ЭЭ болуу:** – тарых таануунун методдоруна, тарыхты окутууда фактыларды мейкиндикте чектөөгө, тарыхты окутууда картографиялык көрсөтмө куралдардын аткарган милдеттерин билүүгө, тарыхый көрүнүштөрдүн мазмунун түшүндүрө алууга, тарыхты мектепте окуутуда хронологиянын ролу жана функциясын колдонууга, ар түрдүү тарыхый маалымат булактары менен иштей алуу жөндөмдүүлүктөрүнө; **Калыптандыруучулук:**тарыхый доорлордо аралашкан маданий, диний, этностук, улуттук каада-салттар менен таанышууда алардын баалуулуктарын калыптандыруу; **Колдонуу:** тарыхты окутууда окутуунун натыйжаларын текшерүүнүн милдеттери жана методикалык принциптерин колдонуу ыкмаларына ээ болуу компетенцияларын калыптандыруу.

### 1.3.Дисциплинаны окутуунун милдеттери:

- Орто кылымдын тарыхынын маселелери боюнча талаштуу көйгөйлөрдү талкуулоо, ар кыл окумуштуулардын пикирлери менен концепцияларын салыштыруу;
- Орто кылымдын тарыхын окутууда фактылар менен тарыхый көрүнүштөрдү өздөштүрүү жана алардын келип чыгуусуна окутуп-үйрөтүү;
- тарыхты окутуунун интерактивдүү методдорунун көндүмдөрүн калыптандыруу;

- коомдун өнүгүшүнүн себептерин жана өзгөчөлүктөрүн түшүнүү үчүн негиз түзүүгө үйрөтүү;
- окуучуларды акыл-эстүү жана аң-сезимдүү коомдук ишмердикке даярдоо билгичтиктерин калыптандыруу;
- Предметти окуп үйрөтүүдө окуу тарбиялык жана илимий иштерди уюуштуруу жана талдоо, анализдеп аларга туура баа берүүгө багытоо. Практикалык сабактарды өтүүдө студенттерге илимий булактарды басылып чыккан документалдуу материалдарды, архивдик материалдарды, монографияларды талдап аларды сын көз караш менен карап талдап окууга багыттоо.

## 3. НББПНЫН ТҮЗҮМҮНДӨГҮ ОКУУ ДИСЦИПЛИНАСЫНЫН ОРДУ

«Орто кылымдын тарыхы» дисциплинасы социалдык-экономикалык билим берүү багытынын тарых профилинин окуу планында негизги бөлүгүндө (коду: Б.3.2.1.3.) орун алган.

Сабакты окуп-үйрөнүүнүн башаты катары студенттердин баштапкы курстарда окутулган тарыхый сабактарда алган билимине негизделет: «Алгачкы коом тарыхы», «Байыркы дүйнөнүн тарыхы»,

Жогорку дисциплиналарды өткөн соң студенттерде калыптандырылууга тийиштүү компетенциялар 2-жадыбалда көрсөтүлдү

**2-жадыбал. Дисциплинаны окуп-үйрөнүүгө чейин студенттерде калыптындырылган компетенциялар**

| **Код** | | **Кредит** | **Семестр** | **Компетенциялар** |
|---|---|---|---|---|
| Б.3.2.1.1. | Алгачкы коомдун тарыхы | 4 | 2 | ЖИК-1; КК-10; КК-11; |
| Б.3.2.1.11. | Археология | 4 | 4 | ЖИК-1; КК-6; КК-13;КК-14; |
| Б.3.2.1.2. | Байыркы дүйнөнүн тарыхы | 6 | 2-3 | ЖИК-1; СИЖМК-1; КК-6; КК-11. |
| Б.3.2.1.4. | Кыргызстандын тарыхы (байыркы жана орто кылымдар мезгили) | 6 | 3-4 | ЖИК-1; КК-5; КК-10; КК-13; КК-15; |

## 4. ДИСЦИПЛИНАНЫ ОКУТУУНУН БИЛИМ БЕРҮҮ ПРОГРАММАСЫН ӨЗДӨШТҮРҮҮНҮН НАТЫЙЖАЛАРЫ МЕНЕН КАТНАШТЫРЫЛГАН МЕРЧЕМДЕЛГЕН НАТЫЙЖАЛАРЫ

**550400** социалдык-экономикалык билим берүү багытынын тарых профили боюнча даярдалган бакалавр НББПнын максат-милдеттерине жана ЖКББ МББСда көрсөтүлгөн кесиптик ишмердүүлүктүн милдеттерирне ылайык, жалпы илимий (ЖИК), инструменталдык (ИК), социалдык-инсандык жана жалпы маданий (СИЖМК), жалпы кесиптик (ЖКК) жана (КК) кесиптик компетенцияларга ээ болууга тийиш. Бул окуу дисциплинасын өздөштүрүүнүн натыйжасында калыптандырылуучу компетенциялардын тизмеси 3-жадыбалда көрсөтүлгөн.

## 4.ДИСЦИПЛИНАНЫ ӨЗДӨШТҮРҮҮНҮН НАТЫЙЖАСЫНДА АЛЫНУУЧУ ОКУТУУНУН НАТЫЙЖАЛАРЫ ЖАНА КАЛЫПТАНДЫРУУЧУ КОМПЕТЕНЦИЯЛАР:

### 4.1. Калыптандырылуучу компетенциялар жана күтүлүүчү натыйжалар

**3-жадыбал**

| Компетен-циянын коду | | НББП өздөштүрүү жыйынтыгы Компетенциянын мазмуну | Курсту окутуунун жыйынтыгы боюнча күтүлүүчү натыйжалар |
|---|---|---|---|
| **Жалпы илимий компетенция** | **ЖИК-1** | курчап турган чөйрө тууралуу бүтүндөй илимий билимдерге ээ болот, азыркы мезгилдеги дүйнөнүн көрүнүшүнүн өнүгүү концепциясын жаратылыштагы жана коомдогу адамдын орду жана ролу тууралуу көз караштардын системасын түшүнөт, маданий турмуштун баалуулуктарына таянууга | ***Билет:*** адам, коом, жаратылыш бир бүтүндүк экендигин, коомдогу адамдын орду жана ролу тууралуу көз караштардын системасын түшүнөт. ***Колдоно билет:*** маданий турмуштун баалуулуктарына таянууга жөндөмүн калыптандырат |
| **Социалдык-инсандык жана жалпы маданий** | **СИЖМК-1** | көп маданияттуу коомдо окуучулардын маданий ар түрдүүлүктөрүнө карабастан, адептик жана укуктук эрежелерди эске алуу менен бирдей мүмкүнчүлүктөрдү | ***Билет:*** адам коомунун көп маданияттуулугун түшүнөт. ***Колдоно билет:*** коомдун маданий ар түрдүүлүктөрүнө карабастан, адептик жана укуктук эрежелерди эске алуу менен бирдей мүмкүнчүлүктөрдү түзүү жөндөмүн |
| **Кесиптик компетенция** | **КК-5** | - билим берүү программаларын өз алдынча тандоону, аларга дидактикалык материалдарды тандоону билет жана аларды ыңгайлаштыруудан соң окуу процессинде педагогикалык рефлексиянын негизинде колдонууну билет; | ***Билет***: билим берүүнүн жана кесиптик ишмердүүлүктүн дөөлөттүк негиздерин; ***Колдоно билет:*** • тарбиялык жана билим берүүчүлүк концепцияларды тутумдуу талдоону жана тандоону; • билим берүү программаларын өз |
| | **КК-11** | тарыхый жараяндагы жана коомдун саясий турмушундагы адамдын ордун, тарыхый процесстин мыйзам ченемдүүлүгүн жана кыймылдаткыч күчтөрүн түшүнүүгө жөндөмдүү | ***Билет:*** тарыхый процесстин мыйзам ченемдүүлүгүн түшүнөт, тарыхый жараяндагы жана коомдун саясий турмушундагы адамдын ордун билет ***Колдоно билет:*** тарыхый жараяндагы жана саясий чөйрөдөгү кыймылдаткыч күчтөрдү ажыратып көрсөт жөндөмүн калыптандырат |
| | **КК-13** | тарыхый фактыларды талдоого, себеп–натыйжалык байланыштарды көрсөтүүгө жөндөмдүү | ***Билет:*** тарыхый фактыларды талдоодо, себеп жана натыйжалык байланыштар болоорун түшүнөт. ***Колдоно билет:*** кесиптик ишмердүүлүгүндө себеп–натыйжалык байланыштарды көрсөтө алат |

Бул дисциплинаны окугандан кийин студент, адистиги боюнча курстук иштерде, дипломдук иштерде өз алдынча илимий изилдөөлөрдү, тыянактарды, анализдөөнү, окуяларды бири-бири менен салыштырууну үйрөнө алат жана ошондой эле мектептерге барганда окуучуларга билимдерди, билгичтиктерди, көндүмдөрдү үйрөтө алат.

## 5. ОКУУ ДИСЦИПЛИНАСЫНЫН МАЗМУНУ ЖАНА ТҮЗҮМҮ

**5.1. Окуу дисциплинасынын көлөмү жана окуу ишинин түрлөрү**

**4-жадыбал**

| **Окуу ишинин түрү** | **Сааттардын көлөмү** |
|---|---|
| Максималдуу окуу жүгү (бардыгы) | 300 |
| Милдеттүү аудиториялык окуу жүгү (бардыгы) | 160 |
| Анын ичинде: | |
| Дарстар | 80 |
| Практикалык сабактар | 80 |
| Студенттин өз алдынча иши (бардыгы) | 140 |
| Анын ичинде: | |
| практикалык сабактарга тапшырмаларды даярдоо | |
| жүзачарларды (презентацияларды), рефераттарды, баяндамаларды, билдирүүлөрдү даярдоо | |
| модулдук текшерүүлөргө, зачетко даярдануу | |
| Жыйынтыктоочу аттестация: зачет. | |

**5.2.ЛЕКЦИЯЛЫК САБАКТАРДЫН КАЛЕНДАРЛЫК-ТЕМАТИКАЛЫК ПЛАНЫ**

**2.1. Дарстык сабактар**

| Дарстын темасынын №__ | Теманын аталышы | Сабактын кыскача мазмуну | Окутуунун натыйжасы (калыптандырылуучу компетенциялардын негизинде**)** | Сааттын саны |
|---|---|---|---|---|
| **1** | **2** | **3** | **4** | **5** |
| | | **1-модуль** | | |
| 1. | Орто кылым тшнг, феодализм, орто кылымдарга тиешел тарыхый булактар жана тарыхнаамеси | Орто кылымдардын тарыхынын мезгилдерге бөлүнүшүн, орто кылымдар түшүнүгүн билүү ошондой эле каада-салттар жана адеп-ахлак. | 1)Орто кылымдын тарыхындагы негизги терминдерди үйрөнөт. 2). Орто кылымдын тарыхын окутуунун жалпы мыйзам ченемдүүлүктөрүн билет. | 2саат |
| 2 | Батыш Европадагы феодалдык тзлштн орношу | Батыш Европадагы феодализмдин түзүлүшү. Рим империясынын кулашынын негизги себептери | 1).Батыш Европадагы терминдерди үйрөнөт. 2). Рим ипериясынын кулашынын негизги себептерин билет. | 4 саат |
| 3 | Батыш Европада Варварлар падышачылыгынын түзүлүш | Герман урууларынын басып алуу жортуулдарын, Франк мамлекетинин түзүлүшүн, башкаруудагы династиялардын башкаруу өзгөчөлүктөрүн тактап айтканда мамлекетти башкаруу менен урукту башкаруунун айырмасын, теңсиздиктин пайда болушун аныктоо | 1Биринчи варварлар падышачылыгын. 2). Франк мамлекетинин социалдык-экономикалык жана саясий түзүлүшү. ЖИК- | 2 саат |
| 4. | Византия империясында феодалдык тзлштн орношу (VII-XI кылымдарда) | Византия империясынын өнүгүшүнүн өзгөчөлүктөрү. Императордун бийлиги. Кул ээлөөчүлүктүн сакталышы. Славяндардын Византияга жайгашышы жана алардын ролу. | 1).Византия империясынын социалдык экономикалык тузулушун. 2) Византияда феодалдык мамилелердин пайда болушунун негизги себептери | 2 саат |

| | | | | |
|---|---|---|---|---|
| 5. | Кресттлөрдүн жортуулу | Кресттүүлөрдүн жортуулу, алардын себептери жана мүнөзү. Европанын жана Чыгыштын элдери үчүн кресттүүлөр жортуулунун кесепеттери | Европанын жана Чыгыштын элдери үчүн кресттүүлөр жортуулунун кесепеттери | 4саат |
| 6. | Батыш Европада борборлошкон мамлекеттердин тзлш: Франция, Англия, Германия, Италия XI-XV кылымдарда | Батыш Европада борборлошкон мамлекеттердин Франциянын биригишинин өбөлгөлөрү. Англиядагы саясий биригүү, Германиядагы экономикалык жана саясий өнүгүшүнүн өзгөчөлүктөрү, Италиянын түзүлүшү. | 1) Франциянын биригишинин өбөлгөлөрү. Англиядагы саясий биригүү, Германиядагы экономикалык жана саясий өнүгүшүнүн өзгөчөлүктөрү, Италиянын түзүлүшү | 4 саат |
| 7. | Орто кылымдардагы христиан дини, чиркөөсү | Орто кылымдардагы христиан чиркөөсүнүн өзгөчөлүгү, анын мамлекетти башкарууга тийгизген таасири. | | 4саат |
| 8. | Батыш Европанын маданияты XI-XIV кылымдарда | Орто кылымдардагы билим берүү жана илим, чиркөө жана маданияттын айырмасын билүү | | 2 саат |
| | | | | **24 саат** |
| | | **2-модуль** | | |
| 9. | Батыш Европада капиталистик мамилелердин пайда болушу | Батыш Европадагы капиталдын алгачкы топтолуу процессинин жүрүшүн жана генезисин аныктоо | 1).Байыркы Чыгыштын тарыхындагы негизги терминдерди үйрөнөт.<br>2). Байыркы Чыгыштын тарыхын окутуунун жалпы мыйзам ченемдүүлүктөрүн билет. | 2 саат |
| 10. | Улуу географиялык ачылыштар | Географиялык ачылыштардын себептери, жаңы жерлердин ачылышы, алардын колонияга айланышын билүү. | Географиялык ачылыштардын себептери, жаңы жерлердин ачылышы, алардын колонияга айланышын билүү | 4 саат |
| 11 | Реформация, Германиядагы дыйкандар согушу | Германиянын экономикалык түзүлүшү. Реформация жана гуманизм. Мартин Лютердин окуусунун өзгөчөлүктөрүн билүү | Реформация жана гуманизм. Мартин Лютердин окуусунун өзгөчөлүктөрүн билүү | 4 саат |
| 12. | Швейцариядагы реформация | Швейцариядагы реформациянын өзгөчөлүгүн билүү | Швейцариядагы реформациянын өзгөчөлүгүн билет. | 2 саат |
| 13. | Нидерландык буржуазиялык революция | Нидерландиянын социалдык экономикалык өнүгүшүн, революциянын чыгуу себептерин жана натыйжаларын билүү. | Нидерландиянын социалдык экономикалык өнүгүшүн, революциянын чыгуу себептерин жана натыйжаларын билет. | 2 саат |
| 14 | XVI кылымдарда Англиянын капиталисттик =нгшнн башталышы | Англиянын экономикалык өнүгүшү Капиталистик мануфактуранын өнүгүшүн, сырткы сооданын өнүгүшү. | Англиядагы реформациянын өзгөчөлүгүн билүү -2 | 4 саат |

| | | | | |
|---|---|---|---|---|
| 15 | Франциядагы чексиз монархия | Франциядагы чексиз монархиянын орношун, тап күрөшүнүн курчушун, борбордук бийликтин чыңдалышыны билүү. | Франциядагы чексиз монархиянын орношун, тап күрөшүнүн курчушун, борбордук бийликтин чыңдалышыны билет. | 2 саат |
| 16 | Европанын маданияты(XV-XVIIкк | Кайра жаралуу доорунун маданиятыннын пайда болушунун негизги себептерин билүү | Кайра жаралуу доорунун маданиятыннын пайда болушунун негизги себептерин билет. | 4-саат |
| | | | | |
| | | | | |
| | **Жыйынтыгы** | | | **30 саат** |

## 2.2. Практикалык (семинардык) сабактар

| Прак (сем) сабак тын №___ | Сабактын аталышы | Сабактын мүнөзү жана максаты, **калыптандырылуучу компетенциялар** | Сааттын саны | Аткаруунун туру |
|---|---|---|---|---|
| | **1-модуль** | | | |
| 1. | **Орто кылымдардагы тарыхый булактар жана тарыхнаме** | Орто кылымдардын хронологиясын жана мезгилдерге бөлүнүшүн билүү. Тарыхнаамеси жана тарыхый булактары аркылуу мезгилдерге аныктама берүү.<br>Мезгилдерге бөлүүдөгү орто кылымдардагы жана азыркы мезгилдеги окумуштуулардын ой пикирлери.<br>Этностук процесстер менен феодалдык бытырандылык.<br>Орто кылымдын тарыхындагы марксисттик концепцияларга аныктама берүү.<br>**Компетенциялар б-ча текшерүү коддору** ЖК-1, КК-4 | 2 саат | Группа менен иштөө, дискуссия,реферат даярдоо,<br>***«Тең-теңине»*** методу боюнча багытталган өз ара суроо салуу,<br>***"Кластер"*** түзүү, презентация жасоо<br>**«Тең-теңине» методу боюнча багытталган өз ара суроо салуу**<br>Бул иштин максаты – талкуу өткөрүү көндүмдөрүн өнүктүрүү.<br>Студенттер индивидуалдуу түрдө иштешет, берилген материал боюнча өз суроолорун жазышат. Студенттер өздөрү тарабынан берилген суроолордун баарына жооп берүүгө милдетүү эмес. Бул тапшырма студенттердин талкууланып жаткан темага тиешеси бар нерселер жөнүндө ойлонууга милдеттендирүү үчүн түзүлгөн.<br>Студенттер колдон келишинче көбүрөөк суроолорду колдонуулары керек. Үйрөтүлүп жаткан командаларга топтошуп ар бир студент талкуу |

| | | | | |
|---|---|---|---|---|
| | | | | үчүн суроосун сунуштайт. |
| 2. | **Рим империясынын бөлүнүшү.** | Рим империясынын кулашынын негизги себептери. Алгачкы варвардык королдуктардын түзүлүштөрү. Христин динин жайылышы. Король менен христиан чиркөөсүнүн союздары системасы. **Компетенциялар боюнча текшерүү коддору** ЖК-1, КК-4 | 2 саат | «Венндин диаграммасы»методу менен иштөө керек.<br><br>1-команда. Вандалдар менен вестиготтордун<br>2-команда. Франктар менен остготтордун окшоштуктарын жана айырмачылыктарын тапкыла? |
| 3. | **Франк империясынын түзүлүшү. Империянын ички жана тышкы саясаты** | Франк мамлекетинин коомдук түзүлүшм. «Салич чындыгы» укуктук кодекс катары. Улуу Карлдын башкаруу системасы. Меровингдер жана каролингдер династиясынын айырмачылыктарын билүү. **Компетенциялар боюнча текшерүү коддору** ЖК-1, КК-4 | 4 саат | «Венндин диаграммасы» методу менен иштөө керек.<br>Хлодвиг менен Улуу Карлдын башкаруудагы ощ жана терс жактарын аныктагыла?<br>Меровингдер жана каролингдер династиясынын башкаруу мезгилиндеги маданияттын окшоштуктарын жана айырмачылыктарын тапкыла? |
| 4. | **Славяндар, Византияда феодалдык түзүлүштүн орношу.** | Византиянын өнүгүүсүндөгү өзгөчөлүктөрдү айырмалоо, славян урууларынын басып кириши, алардагы феодалдык түзүлүштүн орношу. Юстиниандын башкаруусу. **Компетенциялар боюнча текшерүү коддору** ЖК-1, КК-4 | 2 саат | Бул семинардык сабакты **«кластер»** интерактивдүү методу менен өтүлөт. Ал үчүн группа 4 командага бөлүнөт.<br>1. Командаларга берилген суроолор боюнча тапшырма берилип, аларга кластер түзүлөт. Кластер түзүүгө 15 мүнөт убакыт берилет. Команда негизинен кластер түзүүдө негизги түшүнүктөрдү биринчи таап алуу керек. М:1-суроодогу негизги |

| | | | | |
|---|---|---|---|---|
| | | | | түшүнүк «кул ээлөөчүлүк түзүлүштүн кулашынын себептери» |
| 5. | **Кресттүүлөрдүн жортуулу** | Европанын жана Чыгыштын элдери үчүн кресттүүлөр жортуулунун  өн жана терс жактары. Жортуулдун чыгышында чиркөөнүн таасири. Рыцардык ордендердин негизделиши. | 2 саат | «Интервью» методу Биринчиден интервьюну алуудан мурда, бул теманы жакшылап окуп чыгуу керек. Группа 4 командага бөлүнөт. 1-2-команда 3-4 командага интервью алуу үчүн суроолорду даярдайт. М: Чыгышка жортуул жасоонун себептери? |
| 6. | **Батыш Европа XI-XV кылымдарда** | Франциянын биригишинин негизги себептери, жүз жылдык согуштагы эрдиктер жана жоготуулар, Англия борбордук мамлекетинин түзүлүшү. Германиядагы саясий түзүлүш. | 2 саат | «Венндин диаграммасы» методу менен иштөө керек.<br><br>Франция менен Англиянын экономикалык жана саясий окшоштуктарын аныктагыла?<br>Германиянын жана Италиянын түзүлүшүнүн себептерин аныктагыла?<br>Жуз жылдык согуштагы мамлекеттердин катышуусунун он жана терс жактары.<br>Жакерия менен Уот Тайлердин көтөрүлүшүнүн себептерин аныктагыла.<br>Генералдык штат менен парламенттин айырмасы. |
| 7. | **Батыш Европада котоликтик чиркөөнүн кубаттулугу** | Чиркөөнүн бөлүнүшүнүн негизги себептери. Папалардын бийлигини күч алышы. Чиркөө ири феодал катары. Еретиктер үчүн күрөшүү. | 2 саат | «Балык диаграмма» ыкмасы- маселелердин себеп-натыйжасын изилдөө |

| | | | | |
|---|---|---|---|---|
| 8 | **Батыш Европанын X-XV кылымдардагы маданияты** | орто кылымдардагы мектептер, илимдин өнүгүшүнө чиркөөнүн тыюу салуулары. Билим берүүнүн өнүгүшү. Искусство жана адабият. Университеттер. | | ***Эки бөлүктүү күндөлүк, дискуссия, презентация.*** Группа 3 командага бөлүнөт, ар бир командага 2 ден тапшырма берилет. Берилген тапшырмалардан цитата бөлүп, аларга комментарий бергиле. |
| 9 | **Батыш Европадагы капиталисттик мамилелер** | Батыш Европадагы капиталисттик мамилелердин калыптанышы. Капиталдын Алгачкы топтолуу процессинин журушу. Тарыхый булактардагы капиталдын топтолуу процессинин генезиси. | | «Балык диаграмма» ыкмасы- маселелердин себеп-натыйжасын изилдөө |
| 10 | **Улуу географиялык ачылыштар, колониялык басып алуулар.** | Денизде сүзүү жана корабль куруу ишинин өнүгүшү. Индияга баруучу деңиз жолунун ачылышы. Американы ачуу. Португалиялыктардын Азиядагы ээликтери. Дүйнөнү бүт айланып чыккан биринчи саякат. Европалыктардын Америкадагы колониялык басып алуулары. | | «Венндин диаграммасы» методу менен иштөө керек. Х. Колумб менен А. Веспуччинин саякатынын окшоштуктарын аныктагыла? Ф. Магеллан менен Васко да Гаманын саякаттарынын айырмачылыктарын аныктагыла. Географиялык ачылыштардын он жана терс жактары |
| 11 | **Германиядагы реформация** | өлкөдөгү бытырандылык, буржуазиянын пайда болушу. Греманиядагы котоликтик чиркөө жана анын реформацияланышы. Германиядагы дыйкандар согушунун себептери Компетенциялар: | | Бул семинардык сабакты **«кластер»** интерактивдүү методу менен өтүлот. Ал үчүн группа 2 командага бөлүнөт. 1. Командаларга берилген суроолор боюнча тапшырма берилип, аларга кластер түзүлөт. Кластер түзүүгө 20 мүнөт убакыт берилет. Команда негизинен |

| | | | | |
|---|---|---|---|---|
| | | | | кластер түзүүдө негизги түшүнүктөрдү биринчи таап алуу керек. М:1-суроодогу негизги түшүнүк «реформация» |
| 12 | **Швейцариядагы реформация** | Ульрих Цвингли көз карашы, Контрреформация, Триден собору жана папство Чиркөөнүн ролу, Земпах грамотасы 1593ж.. Швейцариянын маданияты үйрөнүү. | | «Венндин диаграммасы» методу менен иштөө керек.<br>Тапшырма:<br>Ульрих Цвинглинин окуусун өз замандаштары менен салыштырып окшоштуктарын жана айырмачылыктарын табуу керек?<br>Швейцариядагы чиркөө менен Европанын башка мамлекеттериники менен салыштыруу |
| 13 | **Ниддерландиялык буржуазиялык революциянын себептери натыйжасы** | Нидерландия феодалдык испаниянын бийлиги астында. Капиталисттик мамилелердин пайда болушу. | | **«Дарак» методу**<br>**«Дарак» методу- окуяларды түзүп жана алардын натыйжаларын кезеги менен тизүү.** |
| 14 | **XVI кылымдардагы Англия** | Капиталисттик өнөр жайынын өнүгүшү. Жерлерди корукка алуунун кесепеттери. Англиядагы деңиз соодасы жана колония үчүн күрөш | | **«Убактылуу чынжырча»** |
| 15 | **Франциядагы капиталисттик мамиленин башталышы** | Буржазия, дыйкандар жана дворяндар, чексиз монархиянын орношунун өзгөчөлүктөрү, өнөр жайы жана соодасы. | | «Венндин диаграммасы» методу менен иштөө керек<br>Налог,оброк, пошлинанын айырмасын тапкыла?<br>Француз дворяндарынын айырмасы кандай, башка мамлекеттердики менен салыштыргыла?<br>Мануфактура менен сооданын өнүгүшүндөгү тоскоолдуктар ? |

| | | | | |
|---|---|---|---|---|
| | | | | Буржуазия менен жалданма жумушчунун айырмасын тапкыла?<br><br>Мануфактура менен мастерскойдун айырмасы?<br><br>Жалданма жумушчу Францияда көп болгонбу же Англиядабы? |
| 16 | **Батыш Европанын X-XV кылымдардагы маданияты** | Орто кылымдардагы мектептер, илимдин өнүгүшүнө чиркөөнүн тыюу салуулары. Билим берүүнүн өнүгүшү. Искусство жана адабият. Университеттер. | | ***Эки бөлүктүү күндөлүк. дискуссия, презентация.*** Группа 3 командага бөлүнөт, ар бир командага 2 ден тапшырма берилет. Берилген тапшырмалардан цитата бөлүп, аларга комментарий бергиле |
| | **Жалпы** | | **32-саат** | |

***Дисциплинаны окутууда колдонулуучу билим берүү технологияларынын мисалдары***: *д*исскуссия, командалык иш, көйгөйлүү окутуу, **CASE-технологиялар,** жекече окутуу ж.б. интерактивдүү усулдар

Даярдоонун багытынын ЖКББ МББСнын талаптарына ылайык, компетенттүүлүктүк мамилени ишке ашыруу окуу жараянында студенттердин кесиптик көндүмдөрү менен компетенцияларын калыптандандыруу жана өнүктүрүү максатында сабак өтүүнүн активдүү жана интерактивдүү формаларын (ишкер жана ролдук оюндарды, конкреттүү кырдаалдарды талдоону, психологиялык жана башка тренингдерди) аудиториядан тышкаркы иш менен айкалышта кеңири колдонууну караштырууга тийиш.

***Текшерүүнүн түрүнүн мисалдары:*** *Студенттердин билимдерин учурдагы текшерүү катары өткөрүлүп жаткан сабакка ылайык текшерүүнүн төмөнкү түрлөрү колдонула алат: тестирлөө, фронталдык сурамжылоо, текшерүү иш, жекече сабак ж.б.у.с.*

## 2.4. СӨИнин түзүмү

**СӨИ № 1**

**Тема: Байыркы Чыгыштын маданияты**

<table>
<tr><th>Багыттар, каралуучу маселелер</th><th>Аткаруунун түрү жана тапшырмалар</th></tr>
<tr><td>Байыркы доордогу маданияттын өзгөчөлүгү</td><td>Тапшырма:<br>Байыркы Кытай мамлекетинин маданияты<br>Байыркы Египет мамлекетинин маданияты<br>Байыркы Вавилондун маданияты</td></tr>
<tr><td colspan="2">Аткаруунун түрү: Кроссворд түзүү. Ар бир студент өз алдынча кроссворд түзөт. Кроссворд түзгөндө планда берилген маселерди толугу менен камтуу керек. Эң жакшы түзүлгөн кроссворд үчүн жогорку балл коюлат.</td></tr>
</table>

**СӨИ № 2**

**Тема: Байыркы Чыгыштагы кул ээлөөчүлүк мамлекеттедин түзүлүшү**

| № | студенттин журнал боюнча № | Рефераттын темалары | |
|---|---|---|---|
| 1 | 12 | Байыркы Египеттеги байыркы падышачылык | |
| 2 | 11 | Эхнатондун реформасы | |
| 3 | 10 | Байыркы Египеттин диний ишенимдери | |
| 4 | 9 | Чжаньгонун мезгилиндеги Чжоу падышачылыгы | |
| 5 | 8 | Хетт падышачылыгынын түзүлүшү | |
| 6 | 7 | Шуммер жана Аккад мамлекеттери | |
| 7 | 6 | Байыркы Вавилон падышачылыгынын түзүлүшү | |
| 8 | 5 | Байыркы Шан мамлекети | |
| 9 | 4 | Хань империясынын түзүлүшү | |
| 10 | 3 | Байыркы Ямото уруулары | |
| 11 | 2 | Цинь империясы | |
| 12 | 1 | Маурья державасынын түзүлүшү | |
| 13 | 25 | Падыша Хаммурапинин мыйзамы | |
| 14 | 24 | Байыркы Кытай мамлекетинин коомдук түзүлүшү | |
| 15 | 23 | Хараппа маданияты, өзгөчөлүгү | |
| 16 | 22 | Байыркы Индиянын маданияты | |
| 17 | 21 | Шумер-Вавилондук маданият | |
| 18 | 20 | Рамзес IIнин рефрмалары | |
| 19 | 19 | Дарий I жана анын реформалары | |
| 20 | 18 | Джайнизм жана буддизм | |
| 21 | 17 | Байыркы Индиядагы касталык түзүлүш | |
| 22 | 16 | Ахемениддер державасынын түзүлүшү | |
| 23 | 15 | Египет байыркы падышачылык деспотия | |
| 24 | 14 | Финикиянын маданияты | |
| 25 | 13 | Байыркы Ассирия мамлекети | |

РЕФЕРАТ- ар бир студент өзүнө бөлүнгөн тема боюнча жазылган кыска илимий эмгек. Илимий стилди калыптоодо чоң мааниге ээ, тактыгы, маалыматтарынын арбындыгы, тилинин жеткиликтүүлүгү менен айырмаланууга тийиш. Реферата илимий маалымат гана камтылбастан, референттин (реферат жазган автордун) темага карата мамилеси чагылдырылып баасы берилет. Реферат референттин өз сөзүнөн турат, анда айрым зарыл деп эсептелген учурларда гана шилтемелер колдонулат жана ал кайдан алынганы (китептин автору, аты, чыккан жери, жылы, бети) көрсөтүлөт. Илимий иштин бул жөнөкөй түрүн ар кандай композициялык планда түзсө болот. Адатта реферат төмөнкүдөй ыратта түзүлөт:

-кириш бөлүмү-рефераттын темасы, ал тема боюнча жазылган тарыхый булактар жана илимий эмгектер жөнүндө кыска маалымат ж.б.

-рефераттын негизги бөлүгү-тема боюнча кыскача, бирок жеткиликтүү илимий маалымат берүү, баяндалган маалыматтарга карата, анын мааниси тууралуу жыйынтыктар, жалпылоолор жасоо.

Реферата илимий талдоо берүүгө, тарыхый булактардан, илимий эмгектерден көбүрөөк пайдаланууга аракеттенүү керек, ошондой эле ал илимий изилдөөнүн алгачкы усулу болот.

Көлөмү 5-6 же 8-10 бет болсо жетет. Жогорудагы темалар боюнча реферат жазууда жогоруда берилген адабияттарды колдонуп, тарыхый жана археологиялык булактарга көбүрөөк көңүл бөлгүлө. Теманы жазууда салыштырма методду колдонуп өзүңөр жыйынтык чыгарышыңар керек. Жогорудагы берилген суроолорго да көңүл бөлүп, аларга жоопту тура бергиле. Китептен сөзмө-сөз көчүрүлгөн реферат жараксыз болуп, балыңар төмөн болуп калышы күтүлөт.

*СӨИнин сунушталуучу формалары*: үй тапшырмаларын, текшерүү иштерин аткаруу, изилдөөчүлүк мүнөздөгү лабораториялык ишти коргоо, көйгөйлүү/дискуссиялуу дарска жекече тапшырма аткаруу (case-study), конференцияда, семинарда баяндама, билдирүү жасоо, олимпиадага катышуу, презентация даярдоо, реферат, эссе жазуу ж.б.

## 3-бөлүм. Студенттердин жетишкендиктерин баалоонун жол-жобосу

*Компетенциялардын, билимдердин, билгичтиктердин жана көндүмдөрдүн деңгээлин аныктоонун түрлөрү, ыктары, формалары көрсөтүлөт.*

*Текшерүүнүн түрүн жана формасын тандоо дисциплинанын максаты жана калыптандырылуучу компетенциялардын мазмуну менен аныкталууга тийиш.*

*Бул бөлүмдө компетенциялардын калыптангандык деңгээлин баалоонун чен-өлчөмдөрүн келтирүү сунушталат, алар окутуучу тарабынан предметтин бөтөнчөлүгүн эске алуу менен текшерүүнүн өзүнчө формалары боюнча иштелип чыгат.*

*Ушул эле жерде ар бир модуль боюнча текшерүүчү суроолор жана экзамендик билеттин (жазуу ишинин) түзүмү ар бир тапшырманы баалоонун чен-өлчөмдөрүн көрсөтүү менен келтирилет.*

### 3.1. СӨИни баалоонун болжолдуу чен-өлчөмдөрү

| Баалоонун параметрлери | Упайлардын саны |
|---|---|
| 1. Студенттин СӨИни тариздөө деңгээли: илимийлүүлүк, логикалуулук, ырааттуулук, практика менен байланышы, өз алдынча тыянактардын болуусу. | СӨИ талапка толук ылайык таризделсе – 40 упай; жарым-жартылай ылайык таризделсе – 30 упай; ылайык эмес таризделсе – 15 упай. |
| 2. Студенттин СӨИнин мазмундук бөлүгүн иштеп чыгуу деңгээли: илимийлүүлүк, логикалуулук, ырааттуулук, чыгармачылык, практика менен байланышы, өз алдынча тыянактардын болуусу. | СӨИнин мазмундук бөлүгү талапка толук ылайык иштелсе – 40 упай, жарым-жартылай ылайык иштелсе – |

| | |
|---|---|
| | 25 упай, ылайык эмес иштелсе – 15 упай. |
| 3. Студент СӨИни коргоодо көрсөткөн билимдер менен билгичтиктер, көндүмдөр деңгээли: адабий-теориялык терминологияны билүүсү, адабий жараяндын жалпы мыйзам ченемдүүлүктөрүн билүүсү, адабий чыгарманын композициясы жана сюжети боюнча билимдерге ээ болуусу, адабий чыгармаларды талдоонун түрдүү усулдарын билүүсү жана колдоно алуусу, ар түрдүү жанрлардагы адабий чыгармаларды талдоо көндүмдөрүнө ээ болуусу, жазуу иштерин аткара алуусу, изилдөө ишин жүргүзө алуусу. | Студент СӨИни коргоодо берилген билимдер, билгичтиктер, көндүмдөр топтомун толук көрсөтө алса – 40 упай, жарым-жартылай көрсөтө алса – 25 упай, төмөн деңгээлде көрсөтө алса – 15 упай. |
| 4.Маалыматты көрсөтмөлүү берүү билгичтигинин жана көндүмдөрүнүн болушу: текстти моделдер, схемалар, жадыбалдар, сүрөттөр, видеоматериалдар менен коштотуу. | Маалыматты көрсөтмөлүү берүү жогору деңгээлде ишке ашырылса – 40 упай, орточо деңгээлде ишке ашырылса – 25 упай, төмөн деңгээлде ишке ашырылса – 15 упай. |
| **Жыйынтыгы** | Бардык параметрлер боюнча коюлган упайлары кошулуп, чыккан сумма парамертрлердин санына бөлүнүп, орточо упайы чыгарылат (24-40 упайдын чегинде болсо тапшырманы аткарган болот). |

**5.5.Модулдун болжолдуу суроолору**

1. Байыркы Месопотамиянын тарыхынын мезгилдештирүүсү
2. Джармо маданияты (б.з.ч.VII миң жылдык)
3. Хассун маданияты: жер иштетүүчү - мал чарбачылык чарбасы (б.з.ч.VI миң жылдык)
4. Халаф маданияты (б.з.ч.VII миң жылдык)
5. Убейд маданияты (б.з.ч.V миң жылдыктын аягы – IV миң жылдыктын 1-жарымы)
6. Месопотамиянын түштүгүндө шумерлердин пайда болушу. Социалдык жана мүлктүк теңсиздиктин өнүгүшү
7. Шумердик шаар-мамлекеттердин пайда болушу.
8. Шаар-мамлекеттерде мамлекеттик башкарууну уюштуруу
9. Эрте династиялык доордо шаар-мамлекеттердин саясий тарыхы. Киш шаарынын күч кубатынын артышы. Урук шаарынын күч кубатка ээ болушу. Лагаш: тарыхы жана күч кубатка ээ болушу жана кулашы.
10. Уруинимгиндин реформалары
11. Месопотамияны Аккаддын бийлиги астында (б.з.ч.XXIV-XXIIкк.)
12. Саргондун жана анын мураскерлеринин ички жана тышкы саясаты
13. Кутийлердин жүрүштөрү жана Аккад падышалыгынын кулашы
14. Шумер-Аккад падышалыгынын пайда болушу: мамлекеттик бийлик, социалдык түзүлүш, коомдук мамилелердин өзгөчөлүктөрү.
15. Аморейлердин жана эламиттердин басып кириши жана Шумер-Аккад падышалыгынын кулашы
16. Месопотамиянын аймагындагы саясий бытырандылык (б.з.ч. II миң жылдыктын башы).
17. Эски Вавилон падышалык доорундагы Вавилондун биринчи жолу күч кубатка ээ болушу (б.з.ч.XIX-XVI кк.).
18. Хаммурапи (б.з.ч.1792-1750-жж.). Хаммурапинин мыйзамдары. Мыйзам боюнча Вавилондун социалдык-экономикалык жана саясий түзүлүшү.

19. Ортоңку падышалык доорундагы Вавилон (б.з.ч.XVI-XII кк.). Кассит династиясы.
20. Вавилон Ассиринын бийлигинин астында (б.з.чVIII-VIIкк.)
21. Вавилондун Новопаласардын кол башчылыгы менен Ассирияга каршы күрөшү
22. Жаңы Вавилон дөөлөтүнүн түзүлүшү. Навуходоносор Iнин башкаруу доору.
23. Перстердин Вавилонду басып алышы
24. Вавилондун экономикасы жана коому (б.з.ч. VII-IVкк.)
25. Митанн мамлекети. Экономика жана коом.
26. Ассирия жана Митан мамлекетинин кулашы.
27. Эски Ассирия доорундагы Ассирия (б.з.ч.II миң жылдыктын биринчи жарымы). Чарба жүргүзүү системасы. Мамлекеттик башкаруу системасы.
28. Ортоңку Ассирия доорундагы Ассириянын күч алышы (б.з.ч.II миң жылдыктын экинчи жарымы).
29. Б.з.ч.II миң жылдыктын биринчи жарымындагы социалдык-экономикалык жана саясий түзүлүшү. Арамей урууларынын басып кириши.
30. Жаңы Ассирия доорундагы Ассириянын аскердик-саясий күч кубаты (б.з.ч.X-VIIкк.)
31. Тиглатпаласар IIIнүн (б.з.ч.745-725-жж.) реформалары жана Ассириянын жогорулашы.
32. Байыркы Египеттин жаратылышы жана калкы.
33. Египеттин тарыхый булактар жана тарыхнаамасы.
34. Египеттин эрте падышалык доору (б.з.ч. XXXI-XXIXкк.).
35. Египет ортоңку падышалык доордо (б.з.ч.XXI-XVI кылымдын башы).
36. Египет жаңы падышалык доордо (б.з.ч.XVI – XIIкк.).
37. Египеттин кеч падышалык доору. Саистик кайра жаралуу. (б.з.ч.XI-IVкк.).
38. Б.з.ч.V – II миң жылдыктарындагы Закавказьенин байыркы жер иштетүүчү жана малчылык менен алектенген уруулары.
39. Урарту мамлекетинин пайда болушу (б.з.ч. 835-825-жж.) жана Менуа (б.з.ч.810-786-жж.)
40. Байыркы уруулар. Алтын-депе эрте таптык коому.
41. Орто Азия ахемениддер дөөлөтүнүн курамында.
42. Кушан мамлекети.
43. Парфия падышалыгы.
44. Кытайдагы алгачкы мамлекеттик түзүлүштөр.
45. Кытай Чжоу доорунда.
46. Байыркы Кытай б.з.ч.VIII-IIIкк.
47. Шан Яндын реформалары жана анын мааниси.
48. Кытайдын Цинь империясы. (б.з.ч.221-207-жж.)
49. Хань империясы б.з.ч.III - б.з. III кк..
50. Байыркы цивилизация. Мохенджо-Даро жана Хараппа.
51. Ведалар доору. Индиянын түндүгүндөгү эрте мамлекеттер (б.з.ч. II-I миң жылдыктын биринчи жарымы).
52. Будда доору.
53. Нанд мамлекетинин пайда болушу.
54. Маурийлердин династиясынын мезгилинде Индиянын биригиши (б.з.ч. 317-180-жж.).
55. Классикалык доор (б.з.ч. II – б.з.Vкк.).
56. Маурий мамлекетиндеги бийлик үчүн күрөш.
57. Кушан доорундагы Индия.
58. Байыркы Индия мамлекети.
59. Брахманизм. Индуизм. Буддизм.

## 6.БИЛИМ БЕРҮҮ ТЕХНОЛОГИЯЛАРЫ

### 6.1. Аудиториялык сабактарда колдонулуучу билим берүү технологиялары

Бул окуу дисциплинасын өтүүдө аудиториялык сабактарда негизинен дарс технологиясы басымдуу колдонулат. Дарстар дисциплинанын программасында камтылган негизги маселелерди чагылтат. Материалды баяндап берүүдө дарстардын ар кыл түрлөрү: киришүү дарсы, проблемалуу дарс, илгерилетүүчү дарс, серептик дарс, жыйынтыктоочу дарс колдонулат. Окутуучу студенттердин ой жүгүртүү ишмердүүлүгүн активдештирүү, теманын жеке маселелерин талдоо, жалпылоо, өзгөчөлүктөрүн айкындоо билгичтиктери менен көндүмдөрүн калыптандыруу милдетин астыга коёт. Бул милдетти чечүү үчүн дарстарды өтүүдө проблемалуу жана маалыматтык маселелерди коюу, маселени чечүү жодорун айтууну сунуштоо, практикадан жана иш тажрыйбадан мисалдар келтирүү, бир эле маселе боюнча ар кыл көз караштарды айтуу ыкмаларын колдонууга болот.

## 7. ЖЕТИШҮҮНҮ КҮНДӨЛҮК ТЕКШЕРҮҮНҮН, АРАДАГЫ АТТЕСТАЦИЯНЫН ЖАНА ОКУУ ДИСЦИПЛИНАСЫНДА ИШКЕ АШЫРЫЛУУЧУ КОМПЕТЕНЦИЯЛАРДЫН БААЛООЧУ КАРАЖАТТАРЫ

550400 – социалдык-экономикалык берүү багытынын ЖКББ МББСнын талаптарына ылайык студенттердин жекече жетишүүсүнүн дисциплина боюнча мерчемделген окутуунун натыйжаларына ылайыктыгын аттестациялоо үчүн баалоочу каражаттардын себили түзүлгөн (1-тиркеме). Ага 1-2-модулдун (арадагы аттестациянын, зачеттун) суроолору, ошол суроолор боюнча түзүлгөн модулдун жана зачеттун тесттери кирет.

## 8. ОКУУ ДИСЦИПЛИНАСЫ БОЮНЧА ТЕКШЕРҮҮЧҮ-БААЛООЧУ ИШМЕРДҮҮЛҮКТҮ УЮШТУРУУ

**8.1**Дисциплинаны өздөштүрүүнүн натыйжаларын текшерүү жана баалоо окутуучу тарабынан практикалык сабактарды өтүү, ошондой эле студенттердин өз алдынча иштерди аткаруу, модулдук текшерүү, арадагы аттестация (зачет) жараянында жүзөгө ашырылат. Практикалык сабактардын мазмуну боюнча ар бир практикалык сабакта оозеки сурамжылоо (күндөлүк текшерүү) жүргүзүлүп, студенттердин оозеки жооптору салттуу шкалада да, упайлык шкалада да бааланат (мисалы, “эң жакшы” – 86-100 упай, “жакшы” – 76-85 упай, “орто” – 60-75 упай, “жаман” – 0-59 упай). Модулдук текшерүү жана арадагы аттестация (зачёт) жазуу формада өткөрүлүп, ал үчүн тесттер даярдалат. Тесттер теориялык маселелерди да, практикалык мүнөздөгү тапшырмаларды да камтышат.

### 8.2. Көзөмөлдөөнүн тариздери

Студент-бакалаврдын билимдерин, жөндөмдөрүн, кесипке ээ болуу даярдыгын көзөмөлдөө модулдук-рейтингдик система аркылуу окуу семестринде эки модуль кабыл алуу ишмердүүлүгүндө жүргүзүлөт.

*Күндөлүк көзөмөлдөөгө:* лекцияларга катышуу жоопкерчилиги жана лекциялардагы интерактивдүү, эксперттик иштер, семинарга катышуусу, семинардагы жигердүүлүгү, өз алдынча иштер боюнча берилген суроолорго жооп берүү, аңгемелешүү, берилген практикалык тапшырмаларды аткаруу. Ишмердүүлүк дээрлик *(окутуучу-студент жана окутуучу-студент-студент)* схемасы аркылуу аткарылат.

*Аралык көзөмөлдөөгө:* Бөлүмдүн бүтүшү менен өз алдынча контролдук иштерди аткаруу, биринчи жана экинчи модулдарды тапшыруу жыйынтыктары кирет.

*Жыйынтык көзөмөлдөөнү*: окуу планындагы семестрдин жыйынтыгы менен экзамен тапшырууда күндөлүк жана аралык көзөмөлдөөлөрдүн жыйынтыктары менен чыгарылат

### 8.3.СТУДЕНТТЕРДИН ОКУУДАГЫ ЖЕТИШКЕНДИКТЕРИН БААЛОО

Демек, студенттердин билимин, билгичтигин жана көндүмдөрүн көзөмөлдөөнүн аралыктык жана күндөлүктүк болуп жүргүзүлүшү, аларга алган билимдерин системага келтирүүгө, билгичтигин бекемдөөгө, туруктуу көндүмдөрдү калыптандырууга жана тартиптин

сакталышына жардам берүү менен алардын билимдерин төмөндөгүдөй критерийлерде баалоого мүмкүндүк түзөт.

**Студенттердин окуудагы жетишкендиктерин баалоо төмөнкүдөй болуп бөлүнөт:**

- Күндөлүк көзөмөлдөө боюнча баалоо (сабактарда суроо берүү, контролдук иштер, презентациялар, семинардык сабактардагы активдүүлүгүн баалоо ж.б.);
- Аралык көзөмөлдөө боюнча баалоо (күндөлүк көзөмөлдөөнүн жыйынтыгын чыгаруу жана аралык көзөмөлдөөнү жүргүзүү: оозеки же жазуу түрүндөгү тапшырмалар, тесттик тапшырмалар);
- Студенттин өз алдынча иштерин көзөмөлдөө боюнча баалоо (рефераттар, эсселер, изилдөө иштери, презентациялар, буклеттер ж.б.).

**5.1. 6-жадыбал.Студенттердин билимин, билгичтигин жана көндүмдөрүн көзөмөлдөөнүн критерийлери (УРК) (ар бир модуль сайын)**

| № | Алган билиминин критерийлери | Күндөлүк көзөмөлдөөнүн баллы (критерийлер боюнча) | Күндөлүк көзөмөлдөөнүн жыйынтык баллы |
|---|---|---|---|
| **1** | **Маалыматтарды так билүүсү** | | |
| | Маалыматты так билет | **4** | 1-4 |
| | Маалыматты негизинен так билет | 3 | |
| | Маалыматты анча так эмес билет | 2 | |
| | Маалымат так эмес | 1 | |
| **2** | **Маалыматтарды талдоого ала билүүсү** | | |
| | Маалыматты жакшы түшүнгөнүн көрсөттү | **4** | 1-4 |
| | Маалыматты анча жакшы түшүнбөгөнүн көрсөттү | 3 | |
| | Маалыматты минималдуу гана түшүнгөнүн көрсөттү | 2 | |
| | Маалыматты жеткиликтүү деңгээлде түшүнбөгөнүн көрсөттү | 1 | |
| **3** | **Терминдерди билүүсү** | | |
| | Терминдерди толугу менен туура колдонот | **4** | 1-4 |
| | Терминдердин көпчүлүгүн туура колдонот | 3 | |
| | Терминдерди минималдуу гана туура колдонот | 2 | |
| | Терминдерди туура эмес колдонот | 1 | |
| **4** | **Студенттин активдүүлүгү** | | |
| | Семинардык сабактарга активдүү катышуусу | **1** | 1-4 |
| | Сабакка келүүсү | 1 | |
| | Чыгармачылык менен ой жүгүртүүсү | 1 | |
| | Өз алдынча иштердин убагында аткарылышы | 1 | |
| | **Жыйынтык** | **18-30** | **18-30** |

**7-жадыбал. Студенттин билимин модулдук -рейтингдик көзөмөл аркылуу баалоо (ар бир модуль сайын)**

| Студенттин тапшырманы аткаруудагы балдар | | Тапшырманын аткарылыш деңгээлине коюлуучу талаптар |
|---|---|---|
| **Упайлар менен** | **Салттуу шкалада** | |
| 30-28 | 5 – «эң жакшы» | Берилген тапшырманы аткарган шартта, программалык материалды толук билүүсү, мурда окуган маалыматтарды системага келтире алуусу |

| | | |
|---|---|---|
| 27-23 | 4 – «жакшы» | Студент маалыматтарды өздөштүргөн, негизги түшүнүктөрдү жана терминдерди билет, бирок бир аз ката кетирген болсо. |
| 22-18 | 3 – «орто» | Студент маалыматтардын негизин түшүнөт, бирок көпчүлук суроолорду так эмес белгилейт. |
| 18ден төмөн | 2 – «жаман» | Негизги суроолорду түшүнбөйт, принципиалдуу каталар кетирилген. |

НМУда студенттердин билимин баалоодо 100 баллдык баалоо системасы колдонулат жана баалоонун жыйынтыктары модулдун жыйынтыктары катары AVN маалыматтык системасына киргизилет. AVN маалыматтык системасында биринчи жана экинчи модулдун жыйынтыктары кошулуп эсептелинген соң, кайрадан экиге бөлүнүп автоматтык түрдө жыйынтык балл келип чыгат.Төмөнкү таблицада студентер топтой турган баллдардын минималдуу жана максималдуу маанилери келтирилген.

| Текшерүүнүн түрү | Минималдуу балл | Максималдуу балл |
|---|---|---|
| УЖТ | 18 | 30 |
| СЖӨИТ | 24 | 40 |
| МТ | 18 | 30 |
| **Жыйынтыгы** | **60** | **100** |

**9-жадыбал. Студенттин тесттик тапшырмаларын баалоо**

| Студенттин тести аткаруудагы балдар | | Тесттин аткарылыш деңгээлине коюлуучу талаптар |
|---|---|---|
| **Упайлар менен** | **Салттуу шкалада** | |
| 30-28 | 5 – «эң жакшы» | Берилген тапшырманы аткарган шартта, программалык материалды толук билүүсү, мурда окуган маалыматтарды системага келтире алуусу |
| 27-23 | 4 – «жакшы» | Студент маалыматтарды өздөштүргөн, негизги түшүнүктөрдү жана терминдерди билет, бирок бир аз ката кетирген болсо. |
| 22-18 | 3 – «орто» | Студент маалыматтардын негизин түшүнөт, бирок көпчүлук суроолорду так эмес белгилейт. |
| 18ден төмөн | 2 – «жаман» | Негизги суроолорду түшүнбөйт, принципиалдуу каталар кетирилген. |

Студенттердин практикалык сабактардан жана эки модулдан топтогон упайлары жыйынтыктоочу бааны коюу үчүн жетиштүү болсо, алар арадагы аттестациядан (экзаменден) бошотулат.

## 9. КАЛТЫРЫЛГАН САБАКТАРДЫ КАЙРА ТАПШЫРУУНУН ТҮРЛӨРҮ ЖАНА ФОРМАЛАРЫ

Студент аудиториялык сабактарга катышпаган учурда (дарска же практикалык сабакка), ал ошол аудиториялык иштин (дарстын же практикалык сабактын) программасын жана мазмунун өз алдынча өздөштүрүп, жумушчу дептерине өзү калтырган дарстын конспектисин жазып окутуучуга көрсөтөт, ошондой эле жумушчу дептерине өзү калтырган практикалык сабактын суроолоруна окуу-усулдук, илимий адабияттардан жоопторду таап жазып, аны окутуучуга оозеки тапшырат, өзү калтырган тема боюнча СӨИ (студенттин өз алдынча ишин) аткарып, аны окутуучунун астында коргойт. Эгер модулга же зачетко чейин ушул иштерди аткарбаса, студент модулдук текшерүүгө жана зачетко киргизилбейт.

## 10. ДИСЦИПЛИНАНЫН ОКУУ-УСУЛДУК ЖАНА МААЛЫМАТТЫК КАМСЫЗДООСУ

**4-бөлүм. Дисциплинанын материалдык-техникалык, окуу-усулдук жана маалыматтык камсыздалышы**

**а) Негизги адабияттар**

1. 1. Афанасьева В.К., Луконин В.Г., Померанцева Н.А. Искусство Древнего Востока. Дрезден, 1977.
2. Бикерман Э. Хронология древнего мира. М., 1975.
3. Васильев Л.С. История Востока. Ч. I-II. М., 1993.
4. Васильев Л.С. История религий Востока. М., 1988.
5. Древние цивилизации / Под ред. Бонгард-Левина Г.М. М., 1989.
6. Дьяконов И.М. Пути истории. М., 1994.
7. Заблоцкая Ю. История Ближнего Востока в древности / Пер. с польск. М., 1989.
8. История Древнего Востока. Ч.I. Месопотамия / Под ред. Дьяконова И.М. М., 1983.
9. История Древнего Востока, Ч.II. Египет / Под ред. Перепелкина Ю.Я. М., 1988.
10. История Древнего Востока / Под ред. Кузищина В.И. М., 1988, 1999.
11. История древнего мира / Под ред. Дьяконова И.М., Нероновой В.Д., Свенцицкой И.С. Кн. 1. – Ранняя древность. Кн. 2 – Расцвет древних обществ. Кн. 3 – Упадок древних обществ. М., 1982, 1983, 1989
12. История отечественного востоковедения с середины XIX в. до 1917 г. М., 1997.
13. Источниковедение истории Древнего Востока. М., 1984.
14. Литература Древнего Востока. М., 1991.
15. Никифоров В.Н. Восток и всемирная история. М., 1977.
16. Религии Древнего Востока. М., 1995.
17. Хрестоматия по истории Древнего Востока / Под ред. Струве В.В. и Редера Д.Г. М., 1963.
18. Хрестоматия по истории Древнего Востока. М., 1980. Т. 1,2.
19. Хрестоматия по истории Древнего Востока. М., 1997.
20. Шилюк Н.Ф. История древнего мира. Древний Восток. Курс лекций. Ч.I Свердловск, 1991.

**б) Кошумча адабияттар**

2. Антология древнекитайской философии. Т.1-2. М.,1972-1973
3. Афанасьева В.К. От начала начал. Л., 1997
4. Геродот. История / Перевод и примечания Г.А.Стратановского. – М.,2001
5. Дьяконов И.М. Ассиро-Вавилонские источники по истории Урарту // ВДИ 1951 (1-2); Законы Вавилонии, Ассирии и Хеттского царства // ВДИ 1952 (3-4)
6. Дьяконов И.М. Урартские письма и документы. М.-Л., 1963
7. Законы Ману. М., 1960
8. История Африки. Хрестоматия. М.,1979
9. Китайская литература. Хрестоматия. М., 1959
10. Махабхарата и Рамаяна. БВЛ. Т. 2. М., 1974
11. Лирическая поэзия древнего Востока. М., 1984
12. Литература древнего Востока: Иран, Индия, Китай. Тексты. М., 1984
13. Луна, упавшая с неба. М., 1977
14. Поэзия и проза древнего Востока. БВЛ, Т. 1. М., 1973
15. Ригведа. Избранные гимны. М., 1972
16. От берегов Босфора до берегов Евфрата. Пер. и комм. С.С. Аверинцева. М., 1987
17. Сыма Цянь. Исторические записки. Т.1-5. М.,1972-1987.
18. Хрестоматия по истории древнего Востока / Под ред. И.С.Кацнельсона, М.А.Коростовцева, В.И.Кузищина. Т.1-2. М.,1980
19. Хрестоматия по истории древнего Востока / Под ред. В.В.Струве и Д.Г.Редера. М.,1963
20. Шицзин. М., 1957
21. Васильев К.В. Планы сражающихся царств. М., 1963
22. Эпос о Гильгамеше. Пер. и комм. И.М. Дьяконова. М.;Л 1961
23. Я открою тебе сокровенное слово... М., 1983

24. Янковская Н.Б. Клинописные тексты из Кюль-Тепе в собраниях СССР. М., 1968

**Интернет булактары:**

1. www.cemz.kg
2. Государственная публичная научно-техническая библиотека России: http://www.gpntb.ru/
3. Российская государственная библиотека: http://www.rsl.ru/
4. Институт научной информации по общественным наукам РАН: http://www.inion.ru/
5. Научная библиотека МГУ им. М. В. Ломоносова: http://uwh.lib.msu.su/
6. Юридическая научная библиотека: http://www.lawlibrary.ru/
7. Российская национальная библиотека: http://www.nlr.ru/
8. Библиотека Академии наук: http://www.csa.ru/BAN/
9. Библиотека Санкт-Петербургского университета: http://www.unilib.neva.ru/
10. Центральная городская универсальная библиотека им. В. Маяковского: *http://www.pl.spb.ru/*
11. www.yurclub.ru

**4.1. Дисциплинанын материалдык-техникалык камсыздалышы**

*Окутуучу, текшерүүчү, эсептөөчү компьютердик программалардын, компьютердик тренажерлордун, презентациялардын, дарстардын, видео-дарстардын тизмеси көрсөтүлөт. Окутуунун техникалык каражаттарынын тизмеси берилет, адистештирилген аудиториялар менен компьютердик класстар ж.б. көрсөтүлөт.*

**4.2. Билимдерди өздөштүрүүгө жана компетенцияларды өнүктүрүүгө түрткү болуучу усулдук көрсөтмөлөрдүн, сунуштардын тизмеси:**

## Текшерүү   үчүн тест

**Учурдагы текшерүүнү** жүргүзүү үчүн текшерүүчү суроолор жана тапшырмалар (20 тесттен аз эмес тесттик тапшырмалар), **жыйынтыктоочу текшерүү** үчүн суроолор жана тапшырмалар (30 тесттен аз эмес тесттик тапшырмалар).

## Текшерүү   үчүн тест

1. **Байыркы Египеттиктердин эң маанилуу иши эмне болгон?**
А) кой-эчки өстүрүү   б) таштан эмгек куралдарын жасоо   в) сугат жерин иштетүү
Г) согуш жүргүзүү   д) соода

2. **Египетти «Кара жер» деп атоонун себеби эмнеде?**
А) ал «Кара континент» деп аталган Африкада жайгашкандыктан
Б) Египетте ар дайым негрлер жашашкан
В) катуу шамал  чөлдөн  Египетке карай чаң айдаган
Г) Нилдин жайылмасында капкара калың ылай шиленди калган
Д) өлкөдө эң жарды «кара таман» адамдар жашаган

**3. Байыркы Египетте тарыхта биринчи жолу төмөнкүдөй таптар жаралган:**
А) дыйкан жана мал багуучу Б) кул жана кул ээлөөчү В) дин кызматкерлери жана падышалар
Г) кол өнөрчү жана соодагер Д) жоокерлер

**4.Эксплуатация деген эмне?**
А) бир адамдардаын экинчи адамдарды эзиши Б) биргелешип чарба жүргүзүү
В) жер жана малды сатып алуу-сатуу Г) диний ырым-жырым Д) баскынчылык жортуул

**5.Кул ээлочүлүк түзүлүш деген эмне?**
А) кедейлерде жер жана эмгек куралдары болгон, бирок алар падышага салык төлөгөн

Б) бир кишилер менчиги жок башкаларына ээлик кылып, алардын өмүрүн тескеп жана эмгегинин натыйжасын көргөн
В) дин кызматкерлери баш оту менен кудайга кызмат кылган
Г) египеттиктер мартабалуу төрөлөргө баш ийген
Д) уруу мүчөлөрү жол башчынын эркин аткарышкан
**6.Египетте мамлекет качан пайда болгон?**
А) биздин дооорго чейин X миң жылдыктын аягында
Б) биздин доорго чейин VII миң жылдыкта
В) биздин доорго чейинки V миң жылдыктын башында
Г) бизддин доорго чейинки IV миң жылдыктын башында
Д) биздин доорго чейинки II миң жылдыкта
7.**Байыркы Египетте мамлекет башчысы ким деп аталган?**
А) улуу дин кызматкери Б) падыша В) фараон Г) башкы жол башчы Д) биринчи кул ээлөөчү
**8.Алгачкы илим эмне үчүн байыркы Египетте пайда болгон?**
А) дин ишмерлеринин сыйынышына ыңгайлуу болсун үчүн
Б) египеттиктер бош убактысын көңүлдүү өткөрө алышы үчүн
В) бүткүл өлкө боюнча дыйканчылык жана курулуштун тез өнүгүшү үчүн
Г) фараондор пирамидаларды куруу жөнүндө көбүрөөк ойлонушу үчүн
Д) соодагерлер сатып алуучулар менен тез соодалашуу үчүн
**9.Байыркы Эки Дарыя аралыгы – бул …дарыялардын ортосундагы өлкө**
А) Хуанхе жана Янцзы Б) Нил жана Иордан В) Ганг жана Инд
Г) Днепр жана Днестр Д) Тигр жана Ефрат
**10.Хаммурапи эмне болуп тарыхта аты чыккан?**
А) байыркы заманда эн улуу саякатчы болгон
Б) бүткүл Вавилон хандыгы үчүн бирдей мыйзымдарды киргизген
В) Вавилон жазуусун ойлоп чыккан
Г) Эки дарыя аралыгында Египет пирамидаларынын курулушун башкарган
Д) Урада (Туштук Эки дарыя аралыгында) даназалуу храмды курган
**11.Адамзат тарыхында «темир доор» качан жана кайда башталган?**
А) биздин доорго чейинки IV миң жылдыктын башталышында Египетте
Б) биздин доорго чейинки III миң жылдыктын ортосунда Эки дарыя аралыгында
В) Биздин доорго чейинки II миң жылдыктын акырында Алдынкы Азияда
Г) биздин доорго чейинки I миң жылдыкта Урарту хандыгында
Д) биздин доорго чейинки I миң жылдыктын ортосунда Персия падышачылыгында
**12.Тарыхта биринчи алфавит кайда ойлоп табылган?**
А) байыркы Египетте Б) Эки дарыя аралыгындаВ) Урарту хандыгында
Г) Финикияда Д) Ассирияда
**13.Эки дарыя аралыгы менен Египеттин калкы үчүн кандай иш бирдей жана маанилүү болгон?**
А) дыйканчылык жана кол өнөрчүлүк Б) кой-эчки жана жылкы өстөрүү
В) пайдалуу кендерди казып алуу Г) пил сөөгүн сатуу Д) бир кудайга сыйынуу
**14.Персия падышачылыгынын жогорулашы качан болгон?**
А) биздин доорго чейинки XV кылымда Б) биздин доорго чейинки XII кылымда
В) биздин доорго чейинки IX кылымда Г) биздин доорго чейинки VI кылымда
Д) биздин доорго чейинки IV кылымда
**15.Персия аскерлеринин негизин эмне түзгөн.**
А) оор куралданган жөө аскер Б) атчан жана төө минген аскер
В) кылыч менен куралданган жеңил жөө аскер Г) согуш пилдери
Д) согуш дөңгөлөктөрү
**16.Персиялыктардын эң белгилүү падышасы ким болгон?**
А) Тутмос Б) Хаммурапи В) Дарий Г) Хеопс Д) Филипп
17.Байыркы Чыгыш тарыхындагы эн соңку окуяны белгилегиле?
А) байыркы Египетти пирамиданын курулушу Б) Финикиянын жогорулашы
В) Эки дарыя аралыгында мамлекеттин пайда болушу

Г) Персиялыктарга Эки дарыя аралыгынын жана Египеттин баш ийиши
Д) байыркы Египетте мамлекеттин пайда болушу
**18.Эмне үчүн алгачкы мамлекеттер Египетте жана Эки дарыя аралыгында пайда болгон?**
А) анткени ал жерде климат эң мыкты болгон
Б) анткени ал жерде адамдар кудайга башкалардан көбүрөөк ишенген
В) анткени ал жерде ошол кездеги эн акылдуу адамдар жашаган
Г) анткени ал жерде дыйканчылык жана кол өнөрчүлүк эн тез өнүгүп, ошондой эле байлар жана кедейлер айырмаланып турган
Д) анткени ал жерде пайдалуу кендер көп болгон
**19.Индиянын байыркы шаарлары жана кыштактары кайсы кылымга таандык?**
А) биздин доорго чейинки V кылымга Б) биздин доорго чейинки IV кылымга
В) биздин доорго чейинки III-II кылымга Г) биздин доорго чейинки I кылымга
Д) биздин доордогу I кылымга

**20.Байыркы Индияда дыйкандар баарынан көп эмне өстүрүшкөн?**
А) буудай, пахта жана күрүч Б) кант камышын жана кокос пальмаларын
В) сулуу, буудай, арпа Г) апельсин, мандарин, лимон Д) кара буудай жана таруу
**21.Байыркы Индиядагы радж деген ким?**
А) жергиликтүү кудайга тете дин ишмерлери. Б) тектүүлөрдөн шайланган жол башчы
В) бай жана урматтуу соодагерлер Г) колунан көөрү төгүлгөн усталар
Д) түндүктөн келген көчмөн малчылар
**22.Индиядагы касталык түзүлүш деген эмне?**
А) Индиялык княздардын жалданма аскерлеринен турган ар кандай отряддары
Б) аз сандагы адамдардын тар чөйрөсү, ага таандык болуу мурасталган
В) диний майрамдардын көптүгү
Г) адамдардын коомдук таптарынын, кулдардын жана кул ээлөөчүлөрдүн болушу
Д) раджалардын башка өлкөлөргө өзгөчө элчилерди жөнөтүшү
**23.Индиялыктардын «төрт түрдүү аскер» деген белгилуу оюну эмне?**
А) шашки Б) шахмат В) нарда Г) карта Д) чүкө
**24.«Махабхарата» жана «Рамаяна» деген эмне?**
А) диний ырым-жырымдардын сүрөттөлүшү Б) согуш жүргүзүүнүн эрежеси
В) даңазалуу баатырлардын өмүрү жана эрдиги жөнүндө байыркы поэмалар
Г) индия падышаларынын мыйзамдары Д) ырлардын жыйнагы
**25.Байыркы индиялыктардын илимге кошкон салымы:**
А) дыйканчылыкты жана кол өнөрчүлүктү өнүктүрүү
Б) касталдарды түзүү жана коомду таптарга бөлүү
В) биз араб цифрасы деп атаган цивраны ойлоп табуу
Г) «Махабхарата» жана «Рамаянаны» жаратуу
Д) пилдерди үйрөтүп, аларды чарбачылыкта пайдалануу
**26.Бирдиктүү Индия мамлекети качан түзүлө баштаган?**
А) биздин доорго чейинки II миң жылдыктын башында Б) биздин доорго чейинки VI кылымда
В) биздин доорго чейинки III кылымда Г) биздин доордогу I кылымдын башында
Д) Индияда бирдиктүү мамлекет такыр куралган эмес
**27.Индиядагы куладрдын абалы Египеттеги куладрдын абалынан эмнеси менен айырмаланган?**
А) Индиядагы кулдардын жери болгон
Б) Индияда дыйкандарды карызы үчүн кулга айландырышкан, Египетте жок
В) Индияда кулдардан бүтүндөй рамия түзүлгөн, Египетте жок
Г) Египетте кулдар дин кызматкерлерине жана төбөлдөргө, ал эми Индияда падышаларга гана таандык болгон
Д) Индия менен Египеттеги кулдардын абалы эч айырмаланган эмес
**28.Байыркы Индияда алгач эмнени ойлоп чыгарышкан?**
А) компас, жука кездемелер, сан Б) чай, кант, сан В) кант, сан, шахмат
Г) чай, жука кездемелер, жибек Д) жибек, кант, сан

**29.Кытайда жазуу качан пайда болгон?**
А) биздин доорго чейинки IV миң жылдыкта Б) биздин доорго чейинки III миң жылдыкта
В) биздин доорго чейинки II миң жылыдкта Г) биздин доорго чейинки I миң жылдыкта
Д) биздин доордогу I миң жылдыкта
**30.Кул ээлөөчүлүк доорунда Индия менен Кытай элдеринин жалпы иши:**
А) көчмөн малчылык Б) чоң дарыялардын жээгинде отурукташкан дыйканчылык
В) бири-бирине каршы баскынчылык согуш Г) аңчылык жана жемиш жыйноо
Д) таштан эмгек куралдарын жасоо
**31.Байыркы Кытай чарбасындагы башка бир да өлкөдө болбогон тармак:**
А) пахта өстүрүү Б) асыл тукум жылкы өстүрүү В) канткамышын өстүрүү
Г) жибек куртун өстүрүү Д) күрүч өстүрүү
**32.Император Цинь-Шихуан жашаган кайсы мезгил?**
А) Кытайда биринчи мамлекет курулган мезгил Б) жибекчиликтин башталышы
В) уруулар ортосунда араздашуунун башталышы
Г) коңшу мамлекеттер менен сооданын башталышы
Д) кубаттуу кул ээлөөчү хандыгынын түзүлүшү

**33.Байыркы Кытайдагы «кызыл каштар», «сары чеке таңгычтар» деген кимдер?**
А) Кытайга кол салган көчмөндөрдүн аталышы
Б) кол өнөрчү карапачылардын жана усталардын аталышы
В) өтө терең ишенген адамдардын аталышы
Г) дыйкандардын эң ири көтөрүлүшүнө катышкандардын аталышы
Д) сабаттуу, билимдүү адамдардын ардактуу наамдары
**34.Төмөндө аталган ачылыштардын кайсынысы Кытайда жасалган?**
А) папирус Б) иероглифтер В) азыркы сандар Г) кагаз жана ок-дары Д) алфавит
**35.Улуу Кытай сепили эмне үчүн курулган?**
А) кытайларды согушчан көчмөндөрдөн коргоо үчүн
Б) кытайлардан чет өлкөлөргө кетүүсүнө тыюу салуу үчүн
В) кудайларга кытайлар аны канчалык сыйлай тургандыгын көрсөтүүгө
Г) Кытайдын чек арасын белгилөөгө Д) тарыхта из калтыруу үчүн
**36.Улуу Жибек жолу деген эмне?**
А) чексиз бакыттын өлкөсүнө карай жол
Б) соодагерлер жибек кездемелерди жашыруун ташып өткөн жол
В) Кытайды, Орто Азияны жана Жер Ортолук деңиздин Чыгыш жагын байланыштырган жол
Г) Кытай императорунун элчилери Орто Азияга каттаган жол
Д) бул географиялык аталыш, тарыхта андай аталыш жок
**37. Эмне үчүн Египет, Междуречье, Индия жана Кытай мамлекеттери чоң дарыялардын өрөөнүндө пайда болгон?**
А) ысык климатта адамдарды жана малды сугаруу үчүн суу керек болгон
Б) чоң дарыялар аркылуу бир жерден экинчи жерге көчүү оңой болгон
В) дарыялардын чатында мол түшүмдү камсыз кылуучу асылдуу жер кыртышы көп болгон
Г) илгери дарыялар сооданы өнүктүрүүгө мүмкүндүк берген
Д) дарыя бойлой аңчылык кылуу жана балык кармоо адамдардын тамак-ашынын негизги булагы болгон
**38.Байыркы Кытайда кайсы ойлоп чыгарылгандар азыркы турмушта пайдаланылат?**
А) сан, компас, кант Б) чай, жибек, шахмат В) компас, чай, жибек
Г) сан, чай, шахматД) ж ибек, кант, чай
**39.Улуу Жибек жолу канчанчы кылымда негизделе баштаган?**
А) б.з.ч. II кылым Б) б.з.ч. II кылым В) б.з.ч. I кылым Г) 221-жылы Д) 150-жылы

**МББС** – Мамлекеттик билим берүү стандарты;
**ЖКББ** – жогорку кесиптик билим берүү;
**НББП –** негизги билим берүү программасы;
**ОУБ**–окуу-усулдук бирикме;

**НББП ОСМ** – негизги билим берүү программасынын окуу сабактарынын мерчеми;
**ЖИК** – жалпы илимий компетенциялар;
**ИК** – инструменталдык компетенциялар;
**СИЖМК**– социалдык-инсандык жана жалпы маданий компетенциялар.
**ЖКК**– жалпы кесиптик компетенциялар;
**КК** – кесиптик компетенциялар;

**Кыскартуулар жана белгилөөлөр**

**МББС** – Мамлекеттик билим берүү стандарты;
**ЖКББ** – жогорку кесиптик билим берүү;
**НББП –** негизги билим берүү программасы;
**ОУБ**–окуу-усулдук бирикме;
**НББП ОСМ** – негизги билим берүү программасынын окуу сабактарынын мерчеми;
**ЖИК** – жалпы илимий компетенциялар;
**ИК** – инструменталдык компетенциялар;
**СИЖМК**– социалдык-инсандык жана жалпы маданий компетенциялар.
**ЖКК**– жалпы кесиптик компетенциялар;
**КК** – кесиптик компетенциялар;